**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Константин Владимирович Гушленконун кайрылуусуна байланыштуу
Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин
148-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун
текшерүү жөнүндө иш боюнча

# ЧЕЧИМИ

2026-жылдын 26-майы                                                  Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу - Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, Б. Ш. Кыдыралиева, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы К. Маамыталы кызынын;

кайрылуучу тарап – Константин Владимирович Гушленконун;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Айдарбек Касымалиевич Осмоновдун;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Алмазбек Тавалдыевич Молдобаевдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Эльвира Тилековна Абелдиеванын, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Аязбек Доолосбекович Джаркынбаевдин катышуусунда,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 148-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык сот отурумунда карап чыкты.

Ишти кароого К.В. Гушленконун өтүнүчү жүйө болду жана талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келеби деген маселедеги табылган аныксыздык негиз болду.

Ишти соттук отурумга кароого даярдаган судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын, тараптардын түшүндүрмөлөрүн, үчүнчү жактардын пикирлерин угуп, сунушталган материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 18-сентябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Константин Владимирович Гушленконун Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин (мындан ары – ЖПК) 148-беренесинин 1-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесине ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Талашылып жаткан ченемге ылайык, доону камсыз кылуу ишке катышуучу жактардын арызы боюнча ошол эле сот тарабынан жокко чыгарылышы мүмкүн.

Сунушталган материалдардан белгилүү болгондой, Б.Г. Шадыева Бишкек шаарынын Ленин райондук сотуна М.М. Жумабековдон, “Гермес” курулуш компаниясы” ЖЧКсынан жана Д.К. Смаиловадан 25 926 150 сом өлчөмүндөгү карызды өндүрүү жөнүндө доо арыз менен кайрылган. Муну менен бирге ал доону камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү жөнүндө өтүнүч келтирген.

Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2023-жылдын 15-февралындагы аныктамасы менен көрсөтүлгөн өтүнүч канааттандырылып, кыймылсыз мүлктүн беш объектисине камак салынган. Алардын арасында Бишкек шаарынын Свердлов районунун Токмок көчөсү, 83 дарегинде жайгашкан, идентификациялык коду 1-03-09-0052-0639 болгон объекттин курулушундагы “Гермес” курулуш компаниясы” ЖЧКсына таандык үлүш көрсөтүлгөн.

К.В.Гушленко жер участогун жана анда жайгашкан объектти кошо алганда, көрсөтүлгөн идентификациялык коду бар кыймылсыз мүлк ага жеке менчик укугунда таандык экендигин билдирген. Өзүнүн жүйөлөрүн тастыктоо үчүн ал жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндө 2017-жылдын 2-ноябрындагы №731043 мамлекеттик актыны, 2017-жылдагы сатып алуу-сатуу келишимдерин, ошондой эле Кыймылсыз мүлккө укуктардын бирдиктүү мамлекеттик реестринен көчүрмөнү көрсөткөн.

Сунушталган 2018-жылдын 18-январындагы үлүштүк куруу келишиминен белгилүү болгондой, К.В. Гушленко жана “Гермес” курулуш компаниясы” ЖЧКсы Бишкек шаарынын Токмок көчөсүнүн 83 жана 87 дарегинде социалдык-маданий дайындалыштагы кошуп курулган оъекттери бар көп кабаттуу турак жай имаратын куруу үчүн өз салымдарын бириктирген. К.В. Гушленконун салымы 1-03-09-0052-0639 идентификациялык коду менен 4663 чарчы метр жер тилкесинен турган, ал

эми “Гермес” курулуш компаниясы” ЖЧКсы курулушту каржылоо жана куруу милдеттенмелерин өзүнө алган. Келишимде ошондой эле курулган объекттеги аянтты тараптардын ортосунда бөлүштүрүү тартиби да аныкталган.

К.В. Гушленко Б.Г. Шадыеванын доосу боюнча жарандык иштин катышуучусу болуп саналбайт жана доону камсыз кылуу чаралары жөнүндө маселенин каралышы тууралуу кабарландырылган эмес. Анын ырастоосу боюнча, камакка алынганы тууралуу ага 2025-жылдын 18-мартында, Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун аныктамасынын көчүрмөсүн кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо жаатындагы ыйгарым укуктуу органдан алгандан кийин гана белгилүү болгон. Колдонулган доону камсыз кылуу чарасына макул болбостон, К.В. Гушленко Бишкек шаардык сотуна мөөнөттү калыбына келтирүү өтүнүчү жана жеке арыз менен кайрылып, анда Бишкек шаарынын Токмок көчөсүндөгү 83-үйдө жайгашкан кыймылсыз мүлктү камакка алуу бөлүгүндө биринчи инстанциядагы соттун чечимин жокко чыгарууну өтүнгөн.

Бишкек шаардык сотунун Жарандык жана экономикалык иштер боюнча коллегиясынын 2025-жылдын 19-майындагы аныктамасы менен жеке даттанууну берүү мөөнөтү калыбына келтирилген. Бирок, биринчи инстанциядагы соттун аныктамасы өзгөрүүсүз калтырылып, ал эми жеке даттануусу канааттандырылган эмес.

Бишкек шаардык соту Жарандык процесстик кодекстин 148-беренесинин 1-бөлүгүнө таянган, ага ылайык доону камсыз кылуу ишке катышуучу жактын арызы боюнча жокко чыгарылышы мүмкүн, ал эми К.В. Гушленко мындай жактарга кирбейт. Мында сот ишке катышпаган адамдын камакка алынган мүлктүн ага таандыктыгы жөнүндө талаш-тартышы доо өндүрүшүнүн эрежелери боюнча карала тургандыгын көрсөткөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2025-жылдын 5-сентябрындагы токтому менен биринчи жана апелляциялык

инстанциялардын соттук актылары күчүндө калтырылган. Кассациялык инстанциядагы сот кабыл алынган доону камсыз кылуу чаралары К.В.Гушленконун арызы боюнча жокко чыгарылышы мүмкүн эмес дегенге макул болгон, себеби ал ишке катышуучу жак болгон эмес, ал эми мүлктүн таандыктыгы жөнүндө анын жүйөлөрү ушул процесстик тартипте каралууга жатпайт.

Конституциялык сотко кайрылуусун негиздөөдө К.В. Гушленко ЖПКнын 323-беренесинин 3-бөлүгү менен ишке катышууга тартылбаган, бирок укуктарына жана милдеттерине карата сот чечим кабыл алган жактар да апелляциялык даттануу берүүгө укуктуу деп каралгандыгын көрсөткөн. Бирок, соттор тарабынан аталган Кодекстин 148-беренесинин 1-бөлүгүнүн колдонулушу, анда негизги ишке катышуучу жактын статусунун жоктугуна байланыштуу гана анын кайрылуусу боюнча доону камсыз кылуу чарасын текшерүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган.

Арыз ээси мындай укуктук жөнгө салуу, доону камсыз кылуу чарасы менен мүлктүк укуктарына түздөн-түз таасири тийген адамды, тиешелүү чектөө белгиленген өндүрүштүн алкагында соттук коргоого кайрылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат деп эсептейт. Муну менен, анын пикири боюнча, Конституциянын 61-беренеси кепилдеген соттук коргоого укук, ошондой эле Конституциянын 40-беренесинде каралган мүлккө ээ болуу, пайдалануу жана тескөө укугу бузулган.

Ушуга байланыштуу К.В. Гушленко ЖПКнын 148-беренесинин 1-бөлүгүн ишке катышууга тартылбаган, бирок алардын укуктары же мыйзам менен корголгон кызыкчылыктары иш боюнча чыгарылган соттун актысы менен бузулган жактар үчүн сот актыларына даттануу укугун бербеген өлчөмдө Конституциянын 61-беренесине карама-каршы келет деп таанууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2025-жылдын 18-декабрындагы токтому менен К.В.Гушленконун өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынды.

Сот отурумунда арыз ээси өз талаптарын колдоп, аларды канааттандырууну өтүндү.

Жоопкер тараптын атынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү А.К. Осмонов өтүнүчтү канааттандырууга каршы пикирин билдирип, КР ЖПКнын 148-беренесинин 1-бөлүгү камсыз кылуу чараларын колдонгон соттун доону камсыз кылуу чараларын жокко чыгаруу тартибин, ошондой эле тийиштүү арыз менен кайрылууга укуктуу адамдардын чөйрөсүн аныктай тургандыгын белгиледи.

Жоопкер тараптын позициясы боюнча, доону камсыз кылуу убактылуу мүнөзгө ээ жана доо өндүрүшүн камсыздоого багытталган. Эгерде доону камсыз кылуу чаралары иштин тарабы болбогон адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын козгосо, жарандык процессуалдык мыйзамдар аларды коргоонун атайын механизмдерин, анын ичинде сот актыларына даттануу мүмкүнчүлүгүн карайт.

Бул жүйөнү тастыктоодо А.К. Осмонов ЖПКнын апелляциялык даттануу укугун жана сот актыларына даттанууга укук берилген адамдардын чөйрөсүн аныктаган 323-беренесинин 3-бөлүгүнө шилтеме жасаган. Жоопкер тараптын өкүлү белгилегендей, мыйзамдуу күчүнө кире элек сот актыларына тараптар жана иштин катышуучулары гана эмес, укуктары жана кызыкчылыктары сот актысы менен козголгон башка адамдар да апелляциялык тартипте даттана алышат.

Муну менен бирге А.К. Осмонов ЖПКнын 346-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, биринчи инстанциядагы соттун аныктамалары тараптар жана ишке катышуучу башка жактар тарабынан соттун чечиминен өзүнчө, ушул Кодексте түздөн-түз каралган учурларда гана даттанылышы мүмкүн. Ал мындай чектөөлөрдү түздөн-түз, процесстик үнөмдүүлүк жана ишти териштирүүдө башкалардын катышуусуна жол бербөө принцибин сактоо зарылчылыгы менен байланыштырат.

Мындан тышкары, жоопкер тараптын өкүлү ЖПКнын 414-беренесин келтирди, анда соттук актыларды аткаруу стадиясында үчүнчү жактардын

укуктарын коргоонун атайын тартиби каралган. Ал аткаруу өндүрүшүнүн алкагында мүлкүн камакка алуу менен укуктары козголгон же бузулган адамдардын талаш-тартыштары мүлктүн таандыктыгын аныктоого, көрүлгөн тиешелүү чаралардын мыйзамдуулугун текшерүүгө жана доогердин укуктары бузулгандыгын же андай эместигин аныктоого мүмкүндүк берген доо өндүрүшүнүн эрежелерине ылайык караларын белгиледи. Ал мындай тартип иш боюнча тараптар болуп саналбаган адамдарга кошумча процесстик кепилдиктерди берет деп эсептейт. А.К. Осмонов ошондой эле ЖПКнын 4-беренесин келтирди, анда кызыкдар кайсы болбосун жак өзүнүн бузулган же талашылып жаткан укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылууга укуктуу экендиги белгиленген.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, жоопкер тарап К.В. Гушленконун жүйөлөрүн негизсиз деп эсептейт жана өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү А.Т. Молдобаев да талашылып жаткан ченемди карама-каршылыктуу эмес деп эсептейт.

Ал өзүнүн позициясын негиздөөдө ЖПКнын 148-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган жол-жобону ошол эле иштин алкагында жаңы өндүрүштү козгобостон, доону камсыз кылууну жокко чыгаруунун атайын жөнөкөйлөштүрүлгөн жол-жобосу катары мүнөздөдү. А.Т. Молдобаев бул тартипти колдонууга укугу бар адамдардын чөйрөсүнүн чектелишин иштин катышуучулары процесстин жүрүшүнөн кабардар болуп, өзгөрүп жаткан жагдайларга тез арада жооп кайтара ала тургандыгы менен байланыштырат. А.Т. Молдобаев тиешелүү чараны колдонгон сот тарабынан доону камсыз кылуунун жокко чыгарылышын жана доону камсыз кылуу жөнүндө аныктамага апелляциялык даттанууну айырмалаган, мында соттук актынын мыйзамдуулугу жогорку турган сот тарабынан текшерилет. Ал К.В. Гушленко апелляциялык даттануу укугун колдонгонун, ал эми анын

даттануусун канааттандыруудан баш тартуу сотко кайрылуу укугунун жоктугуна эмес, далилдерди баалоонун натыйжалары менен шартталгандыгын белгиледи.

Коргонуунун доолук тартибинин натыйжалуулугун баалоо менен А.Т. Молдобаев карызкор менен өндүрүп алуучунун ортосундагы талаш-тартышты кароо атаандашуучулукту камсыз кылаарын жана адилеттүү соттук териштирүүнүн кепилдигин берээрин, ал эми доону камсыз кылуу чарасын ишке катышпаган адамдын арызы боюнча жокко чыгаруу кыянаттык менен пайдалануу жана доогердин укуктарын бузуу коркунучун жаратаарын баса белгиледи. Конституциянын 61-беренесинин мазмунун ачып көрсөтүүдө А.Т. Молдобаев, ал сот адилеттигине жана соттук коргоого жетүүнү кепилдей тургандыгын, бирок аларды ишке ашыруунун конкреттүү процесстик формасын белгилебейт деп көрсөттү. Ал доону камсыз кылуу тартибинде камакка алууну менчикти тескөө укугун убактылуу чектөө катары карайт, мында менчикке укук токтотулбайт жана соттун чечиминин аткарылышын камсыз кылуу чараларына пропорционалдуу болуп саналат.

Жогорку соттун өкүлү ЖПКда белгиленген аралык сот актыларын өзүнчө даттануунун чектелүүлүгүн процесстик үнөмдөө принцибин сактоо жана соттук териштирүүдөгү негизсиз создуктурууга жол бербөө зарылдыгы менен байланыштырды. Ал ошондой эле ЖПКнын 148-беренесинин 1-бөлүгүн колдонууда айрым талаш-тартыштуу маселелердин келип чыгышы өзүнчө алганда бул ченемдин конституциялык эместиги жөнүндө күбөлөндүрбөйт жана укук колдонуу практикасынын жүрүшүндө жол берилиши мүмкүн экендигин белгиледи. Ушуга байланыштуу, Жогорку сот ЖПКнын башка жоболору менен өз ара байланышта колдонулган талашылып жаткан ченемди Конституциянын 61-беренесине карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Юстиция министрлигинин өкүлү да талашылып жаткан ченемдин Конституцияга шайкештиги жөнүндө өз позициясын билдирди. Ал негиз катары ЖПКнын 2-беренесинин 24-пунктун келтирди, ага ылайык жекече

даттануу берүү укугу соттук териштирүүнүн катышуучуларынын гана процесстик укугу болуп саналат. Ишке катышууга тартылбаган адамдар конкреттүү иш боюнча сот менен процесстик-укуктук мамиледе турбагандыктан, алар катышуучулардын процесстик инструменттерин колдонуу жолу менен процесстин жүрүшүнө кийлигишүүгө укуктары жок.

Конституциялык сот тараптардын жүйөөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын пикирлерин угуп, иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкү тыянакка келди.

1. “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот кайрылууда козголгон предмет боюнча ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, бул иш боюнча Конституциялык соттун кароосунун предмети болуп Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин төмөнкүдөй мазмундагы 148-беренесинин 1-бөлүгү саналат:

“148-берене. Доону камсыз кылууну жокко чыгаруу

1. Доону камсыз кылуу ишке катышуучу жактардын арызы боюнча ошол эле сот тарабынан жокко чыгарылышы мүмкүн.”.

2017-жылдын 25-январындагы № 14 Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси мыйзамдарда белгиленген тартипте кабыл алынган, “Эркин Тоо” гезитинин 2017-жылдын 2-февралындагы №12-13 санына жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

2. Конституциянын 40-беренесине ылайык ар бир адам өзүнүн мүлкүнө, өз ишмердигинин натыйжаларына ээлик кылууга, пайдаланууга жана тескөөгө укуктуу. Бул ченемде бекитилген укук инсандын Конституция менен корголуучу мүлктүк өз алдынчалыгынын фундаменталдык негизин түзүп, ар бир адамга мүлккө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн гана эмес, ошондой эле

конституциялык жактан жол берилген чектерде анын пайдалуу касиеттерин эркин пайдаланууга жана аны өз каалоосу боюнча тескөөгө кепилдик берет.

Бул өз алдынчалыкты камсыз кылуу үчүн аталган конституциялык укук конкреттүү ыйгарым укуктардын – ээлик кылуунун, пайдалануунун жана тескөөнүн үчилтиги аркылуу ачып берилет, алар өз жыйындысында анын негизги мазмунун түзөт. Аталган жыйындынын алкагында ээлик кылуу мүлктү өзүнүн мүлктүк чөйрөсүндө кармап туруу менен ага иш жүзүндө ээ болуунун юридикалык жактан камсыз кылынган мүмкүнчүлүгүн билдирет; пайдалануу субъекттин кызыкчылыктарына ылайык мүлктүн пайдалуу касиеттерин, түшүмүн жана кирешесин алууга мүмкүндүк берет; ал эми тескөө мүлктү ажыратууну, үчүнчү жактарга өткөрүп берүүнү же мыйзамда тыюу салынбаган ыкма менен оорчулук салууну кошкондо, өз мүлкүнүн юридикалык тагдырын жана багытын өз алдынча аныктоо укугун билдирет.

Дал ошондуктан конституциялык коргоо мүлктүн адамга таандыктыгын коргоону гана эмес, ошондой эле ага ээлик кылуу, аны пайдалануу жана тескөө ыйгарым укуктарын иш жүзүндө жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн да болжойт. Аталган ыйгарым укуктардын жок эле дегенде бирине карата тыюу салууну же башка чектөөнү белгилөө, эгерде мындай чара мүлккө болгон укуктун токтотулушуна алып келбесе да, Конституциянын 40-беренеси менен кепилденген укукка таасирин тийгизет. Ушуга байланыштуу мамлекет адамга өзүнүн мүлктүк укугун негизсиз чектөөдөн коргоого жана бузуу аныкталган учурда анын калыбына келтирилишине жетүүгө мүмкүндүк берүүчү жеткиликтүү жана натыйжалуу укуктук каражаттарды караштырууга милдеттүү.

3. Мүлктүк укуктарды коргоонун конституциялык кепилдиктеринин тутумунда негизги роль сот адилеттигине таандык. Ал аркылуу Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүндө бекитилген ар бир адамдын соттук коргоого болгон укугу ишке ашырылат. Бул кепилдиктин мазмуну сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгү менен гана чектелбестен, ошондой эле бузулган укуктарды реалдуу коргоого алып келүүгө жөндөмдүү болгон

процесстик каражаттардын берилишин да болжолдойт. Бул каражаттардын таасирдүүлүгү кабыл алынган соттук актыны аткаруу мүмкүнчүлүгү менен ажырагыс байланышта, анткени реалдуу аткаруу менен бекемделбеген чечим өзүнүн практикалык маанисин жоготуп, соттук коргоону формалдуулукка айлантат.

Бирок иш чечилгенге чейин эле, эгерде аны кароонун жүрүшүндө чыгарыла турган соттук чечимди аткарууну кыйындатууга же мүмкүн эмес кылууга жөндөмдүү жагдайлар келип чыкса, мындай аткаруу мүмкүнчүлүгү коркунуч алдында калышы мүмкүн. Мындай тобокелдиктин алдын алуу үчүн процесстик мыйзамдар доону камсыз кылуу институтун караштырат. Доону камсыз кылуу чараларын колдонууга, эгерде аларды колдонбосо, талаптар канааттандырылган учурда соттун чечимин аткаруу кыйындайт же мүмкүн болбой калат деп эсептөөгө жетиштүү негиздер болгондо гана, жол берилет.

Мындай жол берүүчүлүк доону камсыз кылуу чараларынын укуктук табиятын аныктайт: алар көмөкчү, алдын ала жана убактылуу мүнөзгө ээ. Доону камсыз кылуу өз алдынча материалдык-укуктук максатты көздөбөйт жана талаш маңызы боюнча чечилгенге чейин колдонулат. Аны колдонуу жөнүндө маселени чечүүдө сот кийин чыгарылуучу чечимди аткаруу үчүн тобокелдиктин бар же жок экендигин баалайт, бирок коюлган талаптардын негиздүүлүгүн белгилебейт жана иштин жыйынтыгын алдын ала чечпейт. Ошондуктан доону камсыз кылуу чарасы жоопкерчилик чарасы же доону алдын ала канааттандыруунун ыкмасы катары пайдаланылышы мүмкүн эмес.

Ошентсе да, доону камсыз кылуу чаралары бийликтик-мажбурлоочу мүнөзгө ээ, ал сот тарабынан белгиленген жана аткаруу үчүн милдеттүү болгон тыюу салууларда жана чектөөлөрдө көрүнөт. Мындай чаралар мүлккө ээлик кылууга, аны пайдаланууга же тескөөгө, ошондой эле адамдын мүлктүк жүгүртүүсүнө жана чарбалык ишмердигине таасир этиши мүмкүн. Муну менен доону камсыз кылуу чарасы, бир адамдын натыйжалуу соттук коргоого болгон укугун ишке ашырууга кызмат кылуу менен, бир эле учурда

талаш биротоло чечилгенге чейин башка адамдын Конституциянын 40-беренеси менен кепилденген мүлктүк укуктарын убактылуу чектеши мүмкүн.

Сот адилеттигин талаптагыдай жүзөгө ашырууну камсыз кылуу боюнча конституциялык маанилүү максат мүлктүк укуктарды кандай гана болбосун чектөөгө жол бериле тургандыгын билдирбейт. Тандалган чара көрсөтүлгөн дооматтын предмети менен түздөн-түз байланышта болушу керек, өзүнүн процесстик максатына жетүү үчүн зарыл жана ал алып келип чектөөгө өлчөмдөш болууга тийиш. Анын мазмуну жана көлөмү кийин чыгарыла турган соттук чечимди аткаруу мүмкүнчүлүгүн сактоо үчүн талап кылынган чектерден ашпоого тийиш.

Доону камсыз кылуу чарасын колдонуу жөнүндө чечим сотко алгач берилген маалыматтардын негизинде кабыл алынгандыктан, аны мындан ары да сактоо зарылдыгы биротоло аныкталган деп эсептелиши мүмкүн эмес. Чараны колдонууга негиз болгон жагдайлар жоюлушу же өзгөрүшү, ал эми соттун тескөөсүнө мурда эске алынбаган маалыматтар түшүшү мүмкүн. Андыктан Конституциянын 61-беренеси менен кепилденген соттук коргоо укугу доону камсыз кылуу чарасынын негиздерин, чектерин жана аны мындан аркы сактоо зарылдыгын кийин соттук тартипте текшерүү мүмкүнчүлүгүн, ал эми тиешелүү негиздер болгондо – аны алмаштырууну же жокко чыгарууну да болжолдойт. Мындай текшерүү белгиленген чектөөнү анын процесстик багытынын чегинде кармап турууга жана анын өз алдынча, өлчөмдөш эмес оорчулукка айланып кетишине жол бербөөгө мүмкүндүк берет.

Доону камсыз кылуу чарасын кийин соттук тартипте текшерүү зарылдыгы мындай жол-жобону демилгелөө мүмкүнчүлүгү берилиши керек болгон адамдардын чөйрөсүн аныктоону талап кылат. Доону камсыз кылуу конкреттүү өндүрүштүн алкагында колдонулгандыктан жана коюлган дооматтар боюнча андан кийин чыгарыла турган соттук актынын аткарылышын камсыз кылууга багытталгандыктан, мыйзам чыгаруучу

жалпы эреже боюнча көрсөтүлгөн мүмкүнчүлүктү адамда ишке катышуучунун статусунун болушу менен байланыштырууга укуктуу.

Ошол эле учурда доону камсыз кылуу чарасынын конкреттүү ишке таандыктыгы анын укуктук кесепеттери бардык учурларда ошол ишке катышкан жактардын чөйрөсү менен гана чектелет дегенди билдирбейт. Сот тарабынан колдонулган чара соттук териштирүүгө катышууга тартылбаган адамдын укуктарына же мүлкүнө жайылтылышы мүмкүн, аларды жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылып, ал үчүн юридикалык жактан милдеттүү тыюу салууну же милдетти белгилеши же ага таандык мүлккө оорчулук келтириши мүмкүн.

Мындай учурда адамда колдонулган чектөөнү соттук тартипте текшерүүгө карата өз алдынча процесстик кызыкчылык пайда болот. Бул кызыкчылык адамдын негизги доонун предмети менен байланышына же тараптардын ортосундагы талаштын жыйынтыгына анын кызыкдар болушуна эмес, доону камсыз кылуу чарасынын анын өзүнүн укуктук чөйрөсүнө түздөн-түз таасир этишине байланыштуу болот. Мындай таасир бар экендигин күбөлөндүрбөгөн жагдайлар (анын ичинде кыйыр мүлктүк кесепеттер, иштин жыйынтыгына экономикалык кызыкдарлык жана башкалар) соттук текшерүүгө карата өз алдынча процесстик кызыкчылыкты түзбөйт.

Мындай адамга соттук коргоого жетүү мүмкүнчүлүгүн берүү Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген укуктун өзүнүн маңызынан келип чыгарын жана жарандык сот өндүрүшүнүн жалпы башаттарында өнүгөөрүн белгилөө зарыл.

Алсак, ЖПКнын 4-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, кандай болбосун кызыкдар адам мыйзамда белгиленген тартипте өзүнүн бузулган же талашылып жаткан укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылууга укуктуу. Ошентип, адамдын өзүнүн юридикалык мааниге ээ кызыкчылыгынын болушу соттук коргоо үчүн негиз болуп саналат, ал эми аны жүзөгө

ашыруунун конкреттүү формасы атайын процесстик ченемдер менен аныкталат.

Мындай мамиленин кошумча ырастоосу апелляциялык жана кассациялык даттанууга укуктуу адамдардын чөйрөсүн аныктаган ченемдерде камтылган. ЖПКнын 323-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 352-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, ишке катышууга тартылбаган, бирок укуктарына жана милдеттерине карата сот чечим кабыл алган жактар да апелляциялык даттануу бере алышат. Көрсөтүлгөн жоболор соттук текшерүүнүн башка процесстик формаларына тиешелүү жана доону камсыз кылуу чарасын текшерүү тартибин жөнгө салбайт. Ошол эле учурда алар жарандык процесстик мыйзамдар, эгерде сот тарабынан кабыл алынган акт адамдын укуктук абалына түздөн-түз таасир этсе, анын ишке катышуучу статусунун жоктугун соттук коргоого жетүү үчүн абсолюттук тоскоолдук катары карабай тургандыгын ачык көрсөтөт. Ошентип, процесстик статус өз алдынча максат болуп саналбайт: ал натыйжалуу соттук коргоону камсыз кылуу милдеттерине баш ийген юридикалык форма катары гана кызмат кылат.

4. Дал ушул позициялардан алганда ЖПКнын талашылып жаткан 148-беренесинин 1-бөлүгү баалануууга жатат, ага ылайык доону камсыз кылуу ишке катышуучу адамдардын арызы боюнча ошол эле сот тарабынан жокко чыгарылышы мүмкүн.

Аталган ченем иштин катышуучуларынын арызы боюнча доону камсыз кылууну жокко чыгаруу жөнүндө жол берилген өзүнчө жалпы эрежени бекитүү менен бирге, түзмө-түз маанисинде мындай укукка ээ болгон адамдардын толук чөйрөсүн белгилейт. Ал, эгерде колдонулган чара ишке катышууга тартылбаган адамга таандык укуктарга же мүлккө түздөн-түз жайылтылса же анын мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарына башкача түрдө таасир этсе, мындай адам үчүн өзгөчө учурду караштырбайт. Ушуну менен ченем мындай адам менен негизги талашка да, ага байланыштуу пайда болгон соттук чектөөгө да аныгында тиешеси жок адамдардын ортосунда

айырма жүргүзбөйт. Мунун натыйжасында формалдуу статусту абсолютташтыруу сот адилеттигине жетүү үчүн процесстик тоскоолдук жаратат: ишке катышпаган адамдын арызы, соттук чектөө анын укуктук чөйрөсүнө түздөн-түз кийлигишип жаткандыгы жөнүндө жүйөлөрүнүн негиздүүлүгүнө карабастан, анын процесске катышуучу статусу жок деген негиз менен гана маңызы боюнча каралышы мүмкүн эмес.

Натыйжада, мындай адам чараны колдонгон соттун алдында белгиленген чектөө ага таандык укуктарга же мүлкүнө жайылтылабы, анын андан аркы колдонулушуна негиздер жана зарылдык сакталабы, мындай таасирдин көлөмү доону камсыз кылуу максатына туура келеби жана келечектеги соттук чечимди аткаруу мүмкүнчүлүгүнө зыян келтирбестен ал толугу менен же тиешелүү бөлүгүндө жоюлушу мүмкүнбү деген маселелерди коюу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт.

Мында укуктары козголгон адамга мындай арыз менен кайрылуу укугун берүү анын жүйөлөрүнүн негиздүүлүгүн таанууну билдирбейт, колдонулган чаранын мыйзамсыз экендигин айгинелебейт жана анын автоматтык түрдө жокко чыгарылышына же колдонуу чектеринин кыскарышына алып келбей тургандыгын баса белгилөө маанилүү. Бул болгону белгиленген чектөөнүн, ал арыз ээсинин укуктарына, эркиндиктерине же мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарына түздөн-түз таасир эткен бөлүгүндө андан ары сактоо зарылдыгына соттук баа алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Демек, ЖПКнын 148-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялык-укуктук мүчүлүштүгү доону камсыз кылууну жокко чыгарууну ишке катышуу менен байламта кылгандыгында эмес, ал укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары түздөн-түз козголгон адам үчүн колдонулган чараны соттук текшерүү мүмкүнчүлүгүн бөгөттөгөн анын аяктоочу жана жокко чыгаруучу мүнөзүндө жатат.

Жарандык процесстик мыйзамдарда укуктарды коргоонун башка ыкмаларынын болушу ЖПКнын 148-беренесинин 1-бөлүгүндө аныкталган

чектөөнү жойбойт, анткени бул механизмдердин ар биринин өз алдынча максаты, соттук текшерүүнүн өзүнүн предмети жана колдонуу шарттары бар.

Алсак, процесстик мыйзамда каралган жеке даттануу берүү укугу доону камсыз кылуу чарасы алгач колдонулган соттун аныктамасынын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүүгө багытталган. Мындан айырмаланып, ЖПКнын 148-беренесинде белгиленген жол-жобо башка укуктук табиятка ээ жана колдонулуп жаткан чараны сактап калуу зарылдыгын жана аны толугу менен же тиешелүү бөлүгүндө жокко чыгаруу үчүн негиздердин бар экендигин кийинки баалоо үчүн арналган. Ошондуктан баштапкы аныктамага даттануу мүмкүнчүлүгү жагдайлар өзгөргөнүн же мурда эске алынбаган маалыматтар келип түшкөнүн эске алуу менен белгиленген чектөөнү текшерүүнү демилгелөө мүмкүнчүлүгүн алмаштыра албайт.

ЖПКнын 414-беренесинде каралган механизм да көрсөтүлгөн жол-жобого теңдеш альтернатива боло албайт. Бул ченем аткаруу өндүрүшүнүн стадиясында соттук актыларды жана башка органдардын актыларын аткарууда мүлккө камак сот аткаруучу тарабынан өндүрүп алуу жана мүлктү сатуу максатында коюлган учурларда укуктарды коргоону жөнгө салат. Чектөөнү колдонгон субъекттердин, процесстин стадияларынын жана соттук текшерүүнүн предметтеринин айырмачылыгынан улам ЖПКнын 414-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрү маңызы боюнча чечиле элек жарандык иштин алкагында сот тарабынан колдонулган доону камсыз кылуу чарасынын негиздерин, чектерин жана аны мындан ары сактоо зарылдыгын баалоого арналган эмес.

ЖПКнын 414-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган мүлктү камакка коюудан бошотуу же аны тизмеден чыгаруу жөнүндө өз алдынча доо арыз кызыкдар адамдардын ортосунда камакка алынган мүлктүн ээлиги же ага карата башка материалдык укук жөнүндө талаш-тартыш келип чыккан учурларда тийиштүү коргоо формасы болуп саналат. Мындай талаш-тартыш соттук териштирүүнүн эрежелери боюнча бардык кызыкдар адамдардын

катышуусу менен кароону жана талап кылынган укукту тастыктаган далилдерди изилдөөнү талап кылат.

Ошол эле учурда доо коюу тартиби доону камсыз кылуу чарасынан келип чыккан ар кандай чектөөнү жоюунун универсалдуу ыкмасы болуп саналбайт.

Түздөн-түз кызыкчылыгы козголгон адамдын кайрылуусу бардык учурларда укук жөнүндө өз алдынча талашты чечүүнү талап кыла бербейт. Ал кыйла чектелүү маселеге – чаранын колдонуу көлөмү анын камсыз кылуучу максатына туура келеби, белгиленген чектөөнү мындан ары сактоо зарылдыгы барбы жана ал мүлктүн кимге таандык экендиги жөнүндө талаш-тартышты маңызы боюнча чечпестен толугу менен же тиешелүү бөлүгүндө жоюлушу мүмкүнбү деген маселеге тиешелүү болушу мүмкүн.

ЖПКнын 414-беренесинин мазмуну да мыйзам чыгаруучу бул маселеде соттук коргоонун ар кандай түрлөрүн кароо менен, процесстик аракет катары камакка алуунун мыйзамдуулугун текшерүүнү жана мүлктүн таандыктыгы жөнүндө өз алдынча талаш-тартышты чечүүнү айырмалай тургандыгын тастыктайт. Демек, доолук коргоо каражатынын болушу адамга бардык учурларда эле анын укуктук чөйрөсүндө түздөн-түз колдонулуп жаткан чектөөгө өз убагында соттук баа алуу үчүн гана өз алдынча доо өндүрүшүн демилгелөө милдетин жүктөөгө мүмкүндүк бербейт.

Ошентип, доону камсыз кылуу жөнүндө аныктамага даттануу да, аткаруу өндүрүшүнүн стадиясындагы коргоо механизмдери да, өз алдынча доо да ЖПКнын 148-беренесинин 1-бөлүгү тарабынан белгиленген процедурадан укуктары түздөн-түз козголгон адамды абсолюттук түрдө четтетүүнүн ордун толтурбайт. Мындай адамды ага карата колдонулган чектөөгө соттук текшерүүнү демилгелөө мүмкүнчүлүгүнөн ажыратууну процесстик үнөмдүүлүк, иштин нормалдуу жүрүшү, камсыз кылуу чараларынын туруктуулугу же жарандык процесске бөтөн адамдардын негизсиз кийлигишүүсүн алдын алуу сыяктуу негиздер менен актоого болбойт, анткени соттук тыюу салуунун анын укуктук чөйрөсүнө түздөн-түз

тийгизген таасири соттук коргоого болгон өз алдынча юридикалык кызыкчылыкты түзөт.

Муну менен ченемдин мындай толук камтуучу мүнөзү талаштуу жөнгө салуу кызыкчылыгы түздөн-түз козголгон адамга доону камсыз кылуу чарасын кийинки текшерүү жол-жобосуна жетүү мүмкүнчүлүгүн бербегендиктен, анын мүлктүк укуктарын натыйжалуу соттук коргоону камсыз кылбай турган жагдайга алып келет. Өз алдынча максаты жана башка кароо предмети бар коргоонун башка ыкмаларынын болушу, соттун алдына колдонулган чектөөнү мындан ары сактоонун зарылчылыгы жөнүндө маселе коюу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугун жойбойт. Мындай абал Конституциянын 61-беренесинин талаптарына жооп бербейт.

Ушуга байланыштуу ЖПКнын 148-беренесинин 1-бөлүгү ишке катышууга тартылбаган, бирок укуктары, эркиндиктери же мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктары доону камсыз кылуу чарасы менен түздөн-түз козголгон адамга мындай чараны мындан ары сактоо зарылдыгын текшерүү жана аны толугу менен же тиешелүү бөлүгүндө жокко чыгаруу жөнүндө арыз менен кайрылууга жол бербеген өлчөмдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесине карама-каршы келет.

Аныкталган дал келбестикти жоюу үчүн мыйзам чыгаруучу жарандык процесстик мыйзамдарга ишке катышууга тартылбаган адамга, эгерде доону камсыз кылуу чарасы анын укуктарына, эркиндиктерине же мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарына түздөн-түз таасир этсе, мындай чараны мындан ары сактоо зарылдыгын текшерүү жана аны толугу менен же тиешелүү бөлүгүндө жокко чыгаруу жөнүндө арыз менен кайрылуу мүмкүнчүлүгүн караштырган өзгөртүүлөрдү киргизүүгө тийиш.

Мында мыйзам чыгаруучу арыздын формасына жана мазмунуна карата талаптарды, арыз ээсинин укуктук чөйрөсүнө түздөн-түз таасир тийгизилгендигин негиздөө тартибин, кабарланууга тийиш болгон адамдардын чөйрөсүн, арызды кароонун мөөнөттөрүн жана жол-жобосун, аны берүүнүн кесепеттерин, кароонун жыйынтыгы боюнча соттун ыйгарым

укуктарын жана кабыл алынган аныктамага даттануу тартибин аныктоого укуктуу. Белгиленген процесстик шарттар түздөн-түз кызыкчылыгы козголгон адамдын негизги ишке катышуучу статусу жоктугу себебинен гана доону камсыз кылуу чарасын соттук текшерүүгө катышуусуна тыюу салбашы керек. Белгиленген процесстик шарттар түздөн-түз кызыкчылыгы козголгон адамдын негизги ишке катышуучу жактын статусунун жоктугунан улам доону камсыз кылуу чарасын соттук текшерүүгө катышуусуна тыюу салбашы керек.

6. Жарандык процесстик мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин укуктук аныктыкты жана натыйжалуу соттук коргоону камсыз кылуу максатында Конституциялык сот ЖПКнын 148-беренесинин 1-бөлүгүн ишке катышпаган, бирок доону камсыз кылуу чарасы менен кызыкчылыгы түздөн-түз козголгон адамдарга карата колдонуунун убактылуу тартибин аныктоо зарыл деп эсептейт.

Мындай адамдын арызы, эгерде арыз ээси чаранын анын укуктук чөйрөсүнө түздөн-түз таасир эткен конкреттүү жагдайларды келтирсе жана аларды ырастаган маалыматтарды берсе, ушул Чечимдин конституциялык-укуктук маанисин эске алуу менен ЖПКнын 148-беренесинин эрежелери боюнча доону камсыз кылуу чарасын колдонгон сот тарабынан кабыл алынууга жана каралууга жатат.

Арызды кароодо сот, биринчи кезекте, доону камсыз кылуу чарасынын арыз ээсинин укуктук чөйрөсүнө түздөн-түз тийгизген таасирин аныктайт жана аны тиешелүү бөлүгүндө гана текшерет. Ушул чектин алкагында сот белгиленген чектөө коюлган талаптардын предметине байланыштуубу, анын мындан ары күчүндө болуусунун негиздери жана зарылдыгы сакталабы, мындай таасирдин көлөмү доону камсыз кылуу максатына жооп береби жана келечектеги соттук чечимди аткаруу мүмкүнчүлүгүн жоготпостон, аны толугу менен же бөлүгүндө жоюуга болобу, аны аныкташы керек.

Арыз менен кайрылуу арыз ээсин негизги иште катышуучу жак катары таанууга алып келбейт жана коюлган талаптарды маңызы боюнча чечүүгө ага

кийлигишүү укугун бербейт. Анын кайрылуусунун предмети, анын укуктук чөйрөсүнө таасир эткен бөлүгүндө гана доону камсыз кылуу чарасы менен чектелет, ал эми доогер менен жоопкердин ортосундагы талаш-тартышка тиешелүү жана мындай таасир этүү менен байланышпаган жүйөлөр бул процедуранын алкагында кароого жатпайт.

Көрсөтүлгөн тартипте сот мүлктүн таандыктыгы, укук белгилөөчү документтердин жарактуулугу же башка материалдык укук боюнча өз алдынча талаш-тартышты чечүүгө укугу жок. Мындай талаптар доо өндүрүшүнүн эрежелери боюнча каралууга тийиш, бул доону камсыз кылуу чарасынын укук жөнүндө талаш-тартышты маңызы боюнча чечпестен баа берүүгө мүмкүн болгон аспектилерин текшерүүгө тоскоолдук кылбайт.

Арызды кароонун жыйынтыгы боюнча сот, эгерде чектөө коюлган талаптардын предметине тиешеси жок болсо же, аны улантууга негиз жок болсо же анын таасир этүү көлөмү доону камсыз кылуу максатына жетүү үчүн зарыл болгон чектен ашып кетсе, сот аны канааттандыруудан баш тартууга же же арыз ээсине түздөн-түз таасир этүүчү доону камсыз кылуу чарасын толугу менен же жарым-жартылай жокко чыгарууга укуктуу. Чараны жарым-жартылай жокко чыгаруу, атап айтканда, колдонулган камсыз кылуу ыкмасынын маңызын өзгөртпөстөн, белгилүү бир мүлктү анын көлөмүнөн алып салууну же белгиленген тыюу салуунун көлөмүн кыскартууну камтышы мүмкүн.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4-бөлүгүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 48,49,52 жага 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Ч Е Ч Т И:**

1. Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 148-беренесинин 1-бөлүгү, ишке катышууга тартылбаган, бирок укуктарына, эркиндиктерине же мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарына доону камсыз кылуу чарасы түздөн-түз таасир эткен адамдын мындай чараны жокко чыгаруу, өзгөртүү же текшерүү өтүнүчү менен сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгү каралбаган өлчөмдө Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанылсын.

2. Жарандык процесстик мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин, жалпы юрисдикциядагы соттор ушул Чечимдин конституциялык-укуктук маанисин сактоого милдеттүү жана ишке катышпаган адамдын арызын, эгерде ал адам колдонулган доону камсыз кылуу чарасы анын укуктарына же мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарына түздөн-түз таасир эткендигин негиздесе, кароодон баш тартууга укугу жок экендиги белгиленсин.

3. Мындай арызды кароо доону камсыз кылуу чарасынын арыз ээсинин укуктарына, эркиндиктерине же мыйзам менен корголгон кызыкчылыктарына таасир эткен бөлүгүндө жокко чыгаруу, өзгөртүү же текшерүү маселесинин чектеринде каралары жана ага негизги талаш-тартышты маңызы боюнча чечүүгө кийлигишүү укугу берилет дегенди билдирбей тургандыгы белгиленсин.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине ушул Чечимден келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү демилгелесин.

5 Бул Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

6. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

7. Бул Чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысына” жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**